Айтбаева Ш

Ж.Баласагын атындагы КУУ

## «САРДАЛ КЫЗ» РОМАНЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК БӨТӨНЧӨЛҮГҮ

Роман жаңыдан гана окурмандардын колуна журналдык вариант (биз бул жерде анын «Дружба народов» журналына жарыяланганын эске алып жатабыз) түрүндө тийгенден соң көрүнүктүү айтматовтаануучу, филология илимдеринин доктору, профессор А.Акматалиев мына мындай деп жазды: «Ч.Айтматов - мезгилдин күрөө тамырын кармай билген даанышман жазуучу. Анын кайсы чыгармасын албайлы, аларга өз мезгили үчүн абдан актуалдуу проблемаларды көтөргөн жаңычылдык мүнөздүү. Масштабдуу ой жүгүрткөн улуу сүрөткер катары Ч.Айтматов ал чыгармаларда учурда кандай коомдук «илдеттер» бар, алардын «ысыгы» эмнеден, «суугу» эмнеден экендигин так көрсөтүп, учурдун социалдык, психологиялык, философиялык көркөм картинасын түзүп бере алган. Жазуучунун кезектеги «Сардал кыз» романы да мына ошондой заманбап чыгарма, рыноктук мезгилдин социалдык-психологиялык, социалдык-философиялык проблемаларын камтыган терең мазмундуу көркөм адабий туунду» [1].

Залкар жазуучунун чыгармачы-лык өнөрканасына тиешелүү келген жаңычылыктардын эмнелерден ту-рарын жалпысынан туура мүнөздөөгө алган бул көз караштарда прозачынын идеялык - тематикалык жана пробле-малык жактан изденүүлөрү жөнүндө да пикирлер бар экендигин тануугa бол бойт. Себеби бул жазуучунун өзүнүн ар бир жаңы жазган чыгармасында өзүн-чөлүктүү идеялык-тематикалык багытты, коомдо курч коюлган проблемалардан айланып өтпөгөн позицияны кар-манарын жакшы билебиз.

Роман бүгүнкү күндүн турмушунан алынып жазылган. Чыгарманын сюжеттик окуялары биздин катардагы күн сайын жолугуп жүргөн заман-даштарыбыздын тиричилиги жана тагдырындагы көрүнүштөрү менен бекем байланышта. Чынында, Ч.Айт-матовдун ар бир жаңы жазган прозалык чыгармасы идеялык-тематикалык жагы-нан алганда окуучулар үчүн күтүүсүздүктөй кабыл алынат. Себеби анда кыргыз адабиятында мурда иштелбеген, чагылбаган тематика, коомдук маселелер орун алат. Маселен, анын кийинки жылдары жазган романдарына үстүртөдөн көз жүгүрткөн адам мындай олуттуу көрүнүштөр кандайча жолугуп жатканын ачык байкай алат. Экология, наркомания проблемарын камтыган «Кыямат» романы жазуучунун чыгармачылыгында өзүнчө идеялык өзөктү түзүп, башка тематикага багышталса, ал эми «Кассандранын тамгасы» романынын сюжеттик өзөгү андан түп тамырынан бери айырмаланган багытка жана коомдук маселелерге байланыш-тырылган. Бул чыгармалардын тема-тикасы, проблематикасы, өзөктүн негизинин өзүнчөлүгү жөнүндө басма сөз беттеринде сандаган макалалар жазылып, изилдөөлөр жүргүзүлдү.

Чыгарма буга чейин Ч.Айтматовдун башка прозаларына таандык келбеген окуялар, башкача айтканда, тоо башында эркиндикте жашап, аска-зоону мекендеген жырткыч илбирстердин турмушун сүрөттөөдөн башталат. Жаабарс аттуу ээн төрдү мекендеген илбирстин бейгам жашоосу, анын жеке турмушундагы бактылуу күндөрдү сүрөттөөдөн башталган роман улуу табияттын улуу күчүнүн мыйзамына анын кандайча баш ийгенин, башкача айтканда, өнөктөшүнөн ажыраганын, бактылуу күндөр кандайча артта калганын, турмуштун ачуу чындыгына кантип туш болгонун, драматизмин баяндап келет да, анын өмүрүнүн акыркы күндөрүндөгү окуялар жайбаракаттык менен баяндалат.

Ч.Айтматов сюжеттик окуя-ларды бири-бирине параллель түрдө сүрөттөгөнгө, өнүктүргөнгө өтө уста жазуучулардын биринен болуп саналат. Булл, айрыкча, анын романдарына

таандык сапаттардан эле. Буга анын «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» романдары айрыкча күбө. Анын соңку убактарда жазган «Кассандра тамгасы» романында да кандайдыр бир деңгээлде жогорудагыдай тартип сакталган болчу. Бул саам деле жазуучу өзүнө таандык келген мындай салттын көрүнүштү толук кармаган деп ачык айтсак да болот. Анткени сюжеттик линияны өнүктүрүүнүн мындай айтматовдук салты Жаабарстан Арсен Саманчинге өтөт. Окуялар, алардын жашоосуна, турмушуна тагдырына байланыштуу келген кырдаалдар менен жагдайлар бири экинчисине өтүп, бирин-экинчиси толуктап жүрүп отурат. Ошентип, Жаабарс аттуу илбирстин өмүрүнө, тагдырына чечкиндүү таасир тийгизген эпизоддорду, окуяларды баяндоо менен башталган сюжеттик сызык экинчи бир башкы каарман Арсен Саманчиндин турмушундагы ири бурулуштарды камсыз кылган окуяларды сүрөттөө менен алмаштырылат.

Арсен Саманчин катардагы кыргыз интеллигенттеринин биринен болуп саналбайт. Ал - маданий, социал-дык турмуштун казанында кайнаган, бүгүнкү күндүн мээ ооруткан проблемалары менен дайыма бетме-бет келген, чыгармалары менен коомчулуктун көңүлүн дайыма буруп келген, өзүнө жараша кадыр-барк күткөн таланттуу журналисттердин бири. Анын доордун саясий-экономикалык, социалдык-маданий маселелери боюнча жазган макалалары, курч репортаждары, түрдүү темадагы публицистикалык интер-вьюлары окуучулардын арасында олуттуу кызыгууларды жаратып келген, аларды кайдыгер калтырбаган. Доордун глобалдашуусу, инсан менен мамле-кеттин, бийлик менен чыгармачы-лыктын, коллективизм менен эгоизмдин, тарыхый акыл, эс, салт менен нигилизмдин мамилеси, өз ара таасирлеринин маселелери анын жүрөгүн дайыма өйүйт. Алар жөнүндө өз көз караштарын, позициясын дайыма басма сөз бетинде жарыкка чыгарып келген. Айтматовдун чыгармачы-лыгында дайыма бир нравалык-этикалык проблема олуттуу түрдө коюлуп келет жана ал конкреттүү адам тагдырлары аркылуу көрсөтүлөт. Бул чыгармасында деле ошондой. Анда нравалык жана адамгерчиликтик тазалык менен булганычтын ортосунда дайыма айыгышкан күрөш жүрөт. Бул саам дагы ушундай. Анткени Арсен Саманчин менен Эрташ Курчалдын ортосундагы моралдык жана пси-хологиялык карама-каршылык баян-далган. Эрташ Курчал Арсендин замандашы, атүгүл, чыгармачылык ишинин мүнөзү боюнча бири-бирине жакын, ошол себептен бири-экинчисинин эмне максат менен жашап, кандай принциптерди тутунуп жүрүш-көндүгү да белгилүү. Арсенге караганда базар экономикасынын табиятын жакшы жана эрте өздөштүрүп алган Эрташ Курчал чыгармачылыгы жагынан анча деле айырмаланбаган катардагы артисттердин бири катарында баяндалат. Айрыкча, ал чыныгы искусство үчүн эмес, искусстводон пайда табуу, аны коммерцияга айландыруу үчүн бүтүндөй аракеттерин жумшайт. Ошол себептен базар экономикасында кирген суудай көрүнүп жаткан массалык маалымат ал үчүн байлык топтоонун, өзүнүн кадыр-баркын көтөрүүнүн башкы көрсөткүчүнө айланат. Чыгармачылыгы жагынан элди кайдыгер калтырбаган, келечегинен көптү үмүттөндүргөн опералык ырчы Айдана Самарова Эрташ Курчалдын максаттарынын турмушка ийгиликтүү ашырылышына себепкер болуп берет. Классикалык искусствонун жогорку формасы болуп кылымдардан бери келе жаткан бул өнөр жеңил-желпи массалык маданияттын бир түрүнөн болуп саналган эстраданын алдында кандай жагдайда калгандыгы дал ошол каармандардын чыгармачылыкка жаса-ган мамилесинен улам дайын болот.

Базар экономикасынын турмушун-да искусство түрлөрүнүн туш болгон тагдыры, келечеги жөнүндө маселе каармандардын ортосунда карама-каршы абалдагы тирешүүнү пайда кылат. Дилинде өнөрдүн мындай кырдаалга туш болгонуна макул болбогон Арсен Саманчин Айдана Самарова менен Эрташ Курчалга моралдык жагынан каршы чыгат. Айрыкча, талант десе таланты, чыгармачылык аброю, келечеги бар Айдананын «роботко» Эрташ Курчал тарабынан айландырылышы Арсен Саманчиндин кыжырын кайнатат. Ал мына ущундай тагдырга дуушар кылгандыгы үчүн Эрташ Курчалды өлтүрүү жөнүндө ойлойт. Ал эми Айдана жөнүндө да шаардын кечки ресторанында олтуруп ушундай жыйынтыкка келет. Жазуучу мына ушул эпизодду мындайча сүрөттөйт: (чыгарма кыргыз тилинде которулуп, кыргыз тилинде али жарыялана

электигине байланыштуу мисалды орус тилиндеги текстинен алалы): «Любит и убить! Да как же можно такое? Да, это ты по пьянке, - ответил он себе, холодея от мысли самой… Любить и убить!»

Бул Арсен Саманчиндин ички дүйнөсүндөгү карама-каршы эки күчтүн бири-бирине бет келиши, кагылышы эле. Экинчи жагынан, бул жалаң гана башкы каармандын кийинки тагдырын аныктай турган көрүнүшкө эмес, чыгарманын бүтүндөй мазмунун, идеялык багытын, проблематикасын да таразалай турган нравалык принципке айланып чыгат. Романдагы баяндалган башкы каармандардын тагдыры менен тиричилиги, автордун айтайын деген ою, максаты дал ушул «өлтүр-өлтүрбө», «сүй-өлтүр» философиясына келип такалат. Бул жөнүндө Кыргыз улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, филология илим-деринин доктору, профессор Абдылдажан Акматалиевдин төмөн-дөгүдөй деп айтканы туура деп эсептейбиз. Көрүнүктүү жана чыгаан илимпоз романдын мындай фило-софиясы жөнүндө мындай көз карашын билдирген: «Чыңгыз Айтматов «Сардал кыз» романында тагдыр темасына өзгөчө басым жасап, бул маселеге бир нече ирет кайрылат. Роман, негизинен, баш каарман Арсен Саманчиндин, азыркы рынок мезгилиндеги адамдын тагдырын баяндайт, ошол тагдырдын артында ачык да, жабык да турган көйгөйлүү проблемалардын калкып чыгышы менен, автордун алдына койгон максат-мүдөөлөрү материализацияланып, кон-креттешет.

Тагдыр, бир чети, адам баласынын бешенесине жазылган, адамдын табияты менен бирге бүткөн жазуу болсо, экинчиден, ошол жазылган тагдырын өмүрүндө ардактап, барктап алуу, ага этият мамиле кылуу жеке адамдын акылынан, үчүнчүдөн, тагдыр аны курчап турган чөйрөгө да тыгыз байланыштуу болот эмеспи! Таксыр тагдырдын буйругу менен Адам жашоонун жакшы-жаманын таанып билүүгө аргасыз. Тагдыр – бул кубаныч, сүйүнүч, капалануу, кайгыруу, умтулуу, утулуу, утуу, ишеним, алдануу, күрөшүү… Дегеле, адам үчүн тагдырдан сырт эч нерсе болбойт. Романдагы каармандардын тагдырлары да улам татаалдашып, улам бири-бирине жакындап, байланышып бурулуш чектерге өсүп олтурат. Тагдыр маселеси - романдагы өз алдынча сюжеттик бөлүмчөлөрдщ бир бүтүн идеялык-көркөмдүк өзөккө бириктирип турган негизги маселелердин бири. Жаабарстын окуясына, Арсен Саманчиндин турму-шуна, «Сардал кыз» уламышына, «Өлтүр-өлтүрбө!..» аңгемесине байла-ныштуу тагдыр маселеси улам жаңыча өңүттөн каралып чечмеленет».

Чыгармада өз алдынча турган сюжеттик окуялар, б.а., Жаабарстын тагдыры Арсен Саманчиндин тагдыры менен катар коюлуп жанаша сүрөттөлөт. Романдагы бул эки башка каарманга байланышкан окуялар биринен экинчисине өтүп, бирин экинчиси толуктап жана кошумчалап жүрүп олтурат. Бирок ошондой болсо да жазуучу катарында Ч.Айтматов Арсендин өмүр жолуна, тагдырына байланыштуу келген сюжеттик сызыкты биринчи планга алып чыгат.

Арсендин күндөлүк турмушуна, кадыресе тиричилигине, жеке тагдырына бурулуш алып келген окуя анын агасы Бектурдун шаарга издеп атайы келиши болуп саналат. Мына ушул моменттен тарта окуя андан ары чиеленишип, андан ары татаалдаша баштайт. Атасынын иниси Бектур колхоз-совхоздор жашап, социализм үчүн чын дилден кызмат көрсөтүп жаткан чакта бакыйган чарбаны жетектеген кызматкерлерден эле. Качан гана социалисттик мүнөздөгү ар кандай чарбалар кыйрап, жок боло баштаганда алдын ала көрөгөчтүгү өнүккөн Бектур базар экономикасынын шартына ылайык «Мерген» аттуу туристтик-мергенчилик фирмасын ачат да, ага чет өлкөдөгү капчыгы калың күйөрмандарды тартууну уюштурат. Кыргыздын Ала-Тоосунун аска-зоосун мекендеген жаратылыш макулуктарына аңчылык уюштуруу, алар аркылуу өтө чоң суммадагы акча табу, баюу - анын башкы максаты. Бул саам да ал шаарда иштеген, чет тилин жакшы билген, өз чөйрөсүнө кадыры өтүп калган журналист иниси Арсен Саманчинге өзүнүн бизнес-планынын ойдогудай ишке ашыруу үчүн алыстан, тоо койнунан ат арытып атайы келип

олтурат. Бектур инисинин жардамы менен араб принцтери менен сүйлөшүүнү жөнгө салуу, анын кадыры аркылуу өзүнүн ойлорун турмушка ашырууну көздөйт. Адегенде Арсендин үйүндө бар-жогун телефон аркылуу билгенден соң, ал инисинин үйүнө келет да өз максатын, планын ортого салат. Арсендин макулдугун алган Бектур алдына чоң акча табаарын ойлоп, өз алдынча маашырланат. Тапкан оюна, келечектеги көп акча алып келүүчү планына Арсенди оңой эле көндүргөн Бектур өзүнө өзү ыраазы боло үйүнө кайтат. Болжошкон мезгил да келип жетип, Арсен да өзү туулуп-өскөн айылына Бектур агасы мелжеген планды ишке ашыруу үчүн жөнөп калат. Романдын сюжеттик окуясы буга чейин кандайдыр бир өзүнчө жайбаракат тартипте, бир ыргакта өнүгүп келе жаткан нугунан бурулуп каармандардын ким экендигин, кандай адамгерчилик нормаларды, эрежелерди жетекчиликке алганын, турмуштук философияны аныктай турган кырдаалдарга алып чыга баштайт. Муну чыгарманын сюжеттик өнүгүшүн ырааттуу баяндаган соңку окуялар менен эпизоддор ачык көрсөтүп турат.

Ошентип, Арсендин өзүнүн туулуп-өскөн айлына, Бектур агасынын «Мерген» аттуу туристтик фирмасынын ишине жардам бергиси ниети менен келгени, аны күтүлбөгөн моралдык-этикалык жана психологиялык кырдаалдарга, жаңы, көнүмүш эмес шарттарга дуушар кылбай койбойт. Чынында эле ошондой болду. Көптөн бери көрбөгөн, сагынычы ашып-ташып калган айлын, тааныштарын Арсен кубануу менен жолуктурду, тууган-чылык жана тиричилик маселелери жагынан сагынычы жазылганча сүйлөштү. Атүгүл, далай жылдардан бери көрүшпөгөн, бир кезде элет мектебинде чогуу окуп, чогуу ойноп, бирге өскөн курбуларын, мурдагы классташтарын да жолуктурду, алар менен сагыныч тараганча маектешти. Албетте, мындай окуялар турмушта демейде жолуга берүүчү көрүнүштөр эмеспи. Ага таң кала турган эч нерсе жок. Ч.Айтматов да дал ушул көнүмүштүн, кадыресе окуянын ары жагында катылып жаткан адамдык ниеттин кандай экендигин туйгузуу максатында окуучусун даярдады деген ойго келем. Көрсө, чынында эле ошондой экен. Кептин бардыгы эртесинде мектептин бир классында бир кезде бирге окуган классташтары менен жалгыз калганда Арсендин кандай оор кырдаалга, адамдык нарк-насилин сыноочу шартка кабылганын баяндаган эпизоддо жатыптыр.

Чыгармадагы чечүүчү мааниге ээ болуп турган бул окуянын ролу жөнүндө айтып жатып, Ч.Айтматовдун сүрөт-керлик чеберчилигине таандык бир деталь жөнүндө айтпай кетпеске болбойт. Башка жазуучулардан айыр-маланып Ч.Айтматов өзүнүн чыгар-маларында айбанаттарды, ар кандай канаттууларды негизги окуяга жалгаш-тырып сүрөттөө жагынан уста. Маселен, «Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт» повестинде Лувр өрдөгү, Агүкү кушу, ал эми «Кассандра тамгасында» болсо үкү, бир катар чыгармаларында бугу, төө, түлкү, карышкырлар адамдардын турмушундагы окуяларга катарлаш сүрөттөлгөн. Алар автор тарабынан жөн гана коолдук үчүн эмес, чыгарманын көркөм деңгээлин, идеясын көтөрүш жана тереңдетиш үчүн алынганы талашсыз. Демек, бул жагынан Ч.Айтматовдо өздүк чыгармачылык салт болгон жана ал улам кийинки чыгармасында улантылып келген десек да болот.

«Сардал кыз» романында жазуучу өзү карманып келе жаткан мындай салтты туруктуулук менен кармайт. Аны романдагы чабалекейлерди сүрөттөгөн эпизоддордун мисалынан көрүүгө болот. Эки чабалекейдин Арсендин көңүлүн өзүнө буруугa, анын келечектеги тагдырынан кабар айтууга ниет-тенгендей аракеттери алгач анын шаардагы үйүнө Бектур агасынын өзүнүн бизнес-планын тааныштырганы үчүн келгенинде байкалган. Андан соң Арсен өз классташтары менен өз мектебинде олтурганда, Ташафган өңдүү классташы менен өзгөчөлүктүщ жана опурталдуу иш-чараны өткөрүү планын талкуулап, талашып олтурган учурда жолукту. Романдагы мындай деталь тууралуу кыргыз элинин белгилүү сынчысы, филология илимдеринин доктору, профессор К.Асаналиев «Безилдейт неге, чабалекейлер…» аттуу макаласында мындай деп жазганы көңүлдү өзүнө бурат: “Сардал кыз” романында Ташафган менен Арсен эски тааныш класска киргенде эле, экөөнүн ортосунда терракт жөнүндө диалог башталар алдында эки чабалекей учуп келип, кууса

болбой безилдеп сайрай баштайт. Кийин алар Үзөнгүлөштүн түбүнө келгенде ошол эле чабалекейлер дале ошо жерде баягыдан күчөп, безилдегени безилдеген. Булар, балким, океандагы киттер сыяктуу боло турган, даярдалып жаткан каардуу окуянын жарчысыдыр, өздөрүн жээкке ыргыткан киттер сыяктуу бул чабалекейлер өз «тилинде» ошол жырткычтык диверсия тууралуу билдирип жаткандыр. Аны ким угат, ким түшүнөт. Бар экен кыргыз адамы, бүт кыргыздын трагедиясын, ал турмак ушул карабет «ишти» баштагандын жеке күнөөсүн өз мойнуна алып, чабалекейлердин безилдегенинин уккан, түшүнгөн, ал - Арсен Саманчин. Дагы ким угар экен чабалекейлердин безилдегенин….” [2].

Романдын сюжеттик окуясында баяндалгандай, Арсен Саманчиндин көкүрөгүнүн түпкүрүндөгү ойлогон оюн ишке ашыруу максатында айылга келген эле. Ал Бектур агасынын бизнес-планын турмушка ийгиликтүү ашырышы үчүн тилмечтик кызмат аткарып тим болуш үчүн келген эмес. Ал котормочу болгондуктан, өз милдетин так аткарыш үчүн ишенимдүү киши катарында аларды тосуп алуу, андан соң миллионер-принцтерди Молоташ үңкүрүнө, коркунучсуз, ыңгайлуу жана коопсуз жерге алаpуу милдети гана тагылган. А бирок, чынында, Арсендин ойлогон ою башкача эле. Ал Айдананы, болгондо да, өз сүйүүсүн, «аялды роботко айландырган», андан ажыраткан бүгүнкү күндө бизнестин кудайы аталган Эрташ Курчалды өлтүрүү үчүн курал табуу максатынан улам ушу жакка келген. Ал бар болгону котормочулук кызматын аткарып бүтөөрү менен тиешелүү курал-жабдыкка ээ болуп «өлтүрүү-өлүүгө» барам деп ойлойт. Бирок анын өзүнүн классташы Ташафган жана башкалар менен жолугушу, эски мектептин бир классында болгон талаш-тартышы мурдагы максат-мүдөөлөрдүн кескин өзгөрүшүнө алып келди. Бул окуя чыгарманын сюжеттик өзөгүнүн курчуп жетилиши жана чыңалышын да көрсөтөт.

Бир эле айылдашынын, афган согушунун башталышынан аягына чейин катышып, кан кечип келген бир кездеги жөнөкөй, башкалардан айырмаланбаган классташынын дүйнөдөгү глобалдаштыруу, азыркы турмуш-тиричилик, келечек жөнүндөгү пикирлерин укканда, ал чындап таң калды. Адамдын ички дүйнөсү, жашоо философиясы кандай өзгөрүлмөлүү экенине көзү жетти. Ошондуктан ал Ташафгандын планын, максатын адеп укканда анын артка кайткыс кадам жасаганына таң калып, өзүнө-өзү «деги, бу дүйнө өз ордундабы?» - деген суроо салат. Мурдагы классташынын мүдөөсүн укканда анын өз оюнан жана койгон максатынан эч качан кайра кайтпасына көзү жеткен Арсендин көзү ачылгандай болду. Ташафгандын масатына дилинде макул болбой турган Арсен эгерде ошол эле айылдан ошол күнү, жырткычтарга террор жасалаар алдында коңшу айылдык Элеске жолукпаса, аны менен чын дилден маектешип, бир болбосо окуя башкача өңүттө өнүгөр беле, ким билет?!

Айылдын көчөсүндө кокустан асмандан түшө калган периштедей болуп, коңшу айылдык коммерсант-челночница Элестин капилет жолугуп калышына башкы каарман Арсен Саманчин «эксклюзивдик пайда болуу» деген аныктама берет. Ал эми бул деген таанымал сынчы жана айтматовтаануучу К.Асаналиевдин сөзү менен айтканда «эксклюзивдик пайда болуу» демек, Арсендин дал ушул гана учуруна шайкеш, эриш-аркак пайда болуу, болгондо да, азыр эле Ташафган менен болуп өткөн эң оор диалогдон кийин, эмне кылаарын билбей алдастап, айласы кетип турган абалында, дал ошол кырдаалга гана түздөн-түз, тикелей тиешелүү түрдө, кандайдыр белгисиз тараптан атайы жиберилгендей, тагдырга жазып койгондой пайда болду. Мына дал ошондуктан экөөнүн, Арсен менен Элестин ортосунда бир көз ирмемде, бир көз караште өрттөй жалындап пайда болгон сүйүү ошончолук ишенимдүү, ошончолук реалдуу. Арсен Саманчин жакшы билет, тозоктун көрүнбөгөн эшиктерин класста олтурганда эле Ташафган менен кол кармашып аттап кеткенин, бирок ошого карабай Элеске кездешүүнү дал ошол күндүн «тарыхындагы» сактап калчу фактор, акыркы айла катарында кабыл алат. Ал, Арсен Саманчин, баарынан мурда, илээшип кетпей койгон «Өлтүрүү-өлүү» идеясынан бир заматта кутулат».

Элес романдын сюжеттик өзөгүндө сүйүү темасын жазуучу тарабынан жаңыча нукта улантыш үчүн ойдон табылган образ эмес. Ал чыгарманын мазмунундагы башкы идеянын, б.а., «Өлтүр-өлтүрбө» философиясын терең-детүү, андан ары улантуу үчүн тандалып алынган каарман болуп саналат. Ошол себептен романдагы калган окуя-эпизоддор аркылуу баяндалмакчы болгон нерселердин бардыгы дал ошол образга байланыштуу чагылдырылат жана чечмеленет. Ошол себептен ал автор тарабынан алдыңкы катарга чыгарылат жана Арсендин тагдыры, окуялардын жүрүшү Элес менен тыгыз байланыштырылат.

Эгерде мурда Эрташ Курчалды өлтүрүү ниетине жетеленип жүрсө, Элес менен тоодон кайтып келе жатып баштапкы оюнан кайтат, «турмушта мындан да башка горизонттор бар эмеспи» деген башкы каарман өзүнүн ички дүйнөсүндө каршылашып келе жаткан эки сапаттын оң жагын тандап алат.

Романдын идеялык мазмунун, көркөмдүк деңгээлин көтөрүп турган бир көрүнүш бар. «Сардал кыз» жөнүндө эл оозунда кылымдар бою айтылып, муундан-муунга сакталып келе жаткан уламышты Арсен Саманчин дилинде жактырып, көкүрөгүндө сүйүү отун жаккан эки каармандын, б.а., Айдана Самарова менен Элестин эки башка кабыл алышы ушул жерден ачыкка чыгат. Айдана менен Арсендин Хайдельбергдеги романтикалык түн-дөрү, Арсендин уламыштын мазмуну, анын каармандары, алардын сүйүүсүнүн тазалыгы жөнүндөгү баяндары маектеши тарабынан башкача мүнөздө баяндалып, башкача кабыл алынса, ал эми ошол эле аңыз кептин философиясын Элес Арсен күткөндөй, түшүнгөндөй кабыл алат. Бул эки каармандын ички дүйнөсүн ого бетер жакындатат. Арсен үчүн Сардал кыз күнү бүгүн да Үзөңгүлөштүн ой-кырын кыдырып өз сүйгөнүн издеп, чакырып жүрөт, ал - тирүү образ. Ооба, уламыштын өз философиясы бар, бирок Сардал кыздын түгөнгүс кайрат-мандыгы, каармандыгы, өз чындыгына жетүү үчүн тагдырын байлап койгондугу Арсенди дайыма суктандырып келген. Ошол себептен ал Айданага айткандай эле Элеске да бул уламыш жөнүндө чын дилинен сүйлөп берет, натыйжада, андан зарыл болгон колдоо табат, пикирлеш болгонуна жетине албайт. Аны романдын мазмунунда Арсендин төмөнкү ойлору кандайча берилгени ачык көрсөтүп турат: «Получается так, что он жених, навсегда и категорически отрекся от мира, навсегда самоизолировался, самоустранился в знак протеста против людских злодеяний и греховности, а она пребывает в вечном покаянии за людский мир, и в этом глубина и сила ее любви и горя… Я больше скажу - в ней выплеснулся мученический клик вселенского страдания и почему в любви всегда больше пожара трагедий, чем счастья цветений».

Элес - каармандардын санын көбөйткөн гана катардагы персонаж эмес. Ал айтматовдук ойду, чыгармачылык багытты андан ары өркүндөтүп туруучу башкы образга айланат. Ошол себептен анын образын романдын кийинки бөлүмдөрүндө жана окуяларында Арсен Саманчинден бөлүп кароого болбойт. Маселен, ал тоодон Арсен менен айылга келе жатканда «Илбирстерден колуңарды тарткыла!» деген жазуусу бар плакатты илип алып көпчүлүктүн алдына чыккысы келгенин айтат. Байкалбай, жөн-жай айтылгандай кабыл алынган бул ойдун тереңинде олуттуу проблема жаткан. Анткени жаратылыштын өзү бүткүл көрүнүштөрү, жаныбарлары, тиричилиги менен акча үчүн кызмат кылууга өткөнүн, мунун өзү түпкүлүгүндө жакшы жакка алып барбастыгын эскертүү болчу. Дүйнөнү акча бийлейт, бирок кеч болуп кала электе өз жергебизде мындай апаат жана коркунучтуу аракеттерди болтурбайлы деген чакырык жаткан эле Элестин бул сөзүндө. Ошентип, бүткүл дүйнөнүн чар тарабын, жандуунун да, жансыздын да дүйнөсүн куушуруп, тарытып кирген базар экономикасынын натыйжалары трагедияга алып келерлиги ачык чагылдырылат. Элес илбирстерге аңчылык кылуу операциясына ачыктан-ачык каршы чыгат. Ал дал ушундай аракеттери менен Арсендин тагдырынын башкача нукка бурулушуна түрткү берет. Аны романдын мазмунунан орун алган сюжеттик кийинки окуялары айкын далилдеп берет.

Ташафгандын план-долбоору менен бекем байланышкан аңчылык кылуу операциясы ишке ашырыла баштайт. Араб миллионерлери принцтерди илбирске, тагыраак айтканда, Жаабарска мергенчилик кылып көңүл ачуусу, аларды барымтага алуу менен миллиондогон долларларды талап кылуу, эгер ал максат ишке оңой эле ашса анда үй-бүлөлөрү менен чет элге ооп, көз жазгырып кетүү ниетин жетекчиликке алган бүгүнкү күндүн рэкеттеринин типтүү өкүлү Ташафгандын мүдөөсү акыр аягына чейин ишке ашпайт. Анткени Арсен Саманчин аларга ачык тоскоол болот. Бирок Ташафган өзүнүн аскердик фуражкасын кийгенден кийин артка чегинбейт, аны менен келишүү, өз ара макулдашуу мүмкүн эмес. Ошондуктан Арсен Саманчиндин алдында бир гана жол, бир гана мүмкүнчүлүк бар. Анүчүн бир кезектеги досунун, айылдашынын, классташынын жырткычтык планына тең келе турган барабар, ага маанилеш иш-аракет жасоо керек. Ошондо гана кандуу окуяны, бүткүл дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө бура турган кырсыкты, коогаланды токтотуп калууга болот. Дал ушундай сезимге кабылган Арсен Саманчин араб принцтерин опурталдуу жагдайдан сактап калат. Башкача болууга мүмкүн эмес эле. Ошентип, ал капыстан айтылган Элестин жалындуу жана ураан сөздөрүн («Илбирстен колуңарды тарткыла!») чындыкка айландырат. Натыйжада, эки тараптан атылган октордун ортосунда калат. Бул «өзүн-өзү курман кылуу анчейин жашоодон аша кечкендик эмес, бул - өз өмүрүнүн наркы менен кыргыз жеринин, кыргыз тоосунун ата-салтын, абийирин, кадыр-баркын булгабай сактап калуу, бул -Арсен Саманчиндин жазмыштагы тагдыры» (К.Асаналиев).

Романдын негизги темасы трагедиялуу аяктайт. Эгерде Жаабарс араб миллионерлери-принцтер аткан октон жан таслим болсо, ал эми Арсен Саманчин Ташафгандар тараптан атылган октордон каза болот. Ошентип, чыгармада катарлаш сүрөттөлүп келе жаткан эки тагдыр, б.а., Жаабарс менен Арсендин окшош тагдырлары окшош финал - өлүм-менен бүтөт. Экөө тең талоончулукту, зордук-зомбулукту баштан өткөрүп, акыры экөө тең дал ошол жырткыч күчтүн курмандыгы болот. Экөөнүн тең тагдыры акыры келип бир жерден, бир чекиттен, Молоташ үңкүрүнөн чечилет. Айырмасы: Жаабарс мурдагы алынан-күчүнөн тайып, ашууну ашып келе албай, айласы түгөнүп турганда мергенчи принцтерди алдоо максатында Ташафгандын «жемташтоо» түрүндөгү курмандыгы. Ал эми Арсен болсо, өзү айткандай, ал да чынында Ташафгандын түздөн-түз курмандыгы. Бирок маани-маңызы боюнча өтө кеңири жана терең, мурда эч ким билбеген, эч ким укпаган жергиликтүү бир үңкүрдүн түбүндө болуп жатканына карабастан, дүйнөлүк масштабдагы окуянын курмандыгы.

Жазуучу катарында Ч.Айтматов романдын акырына ушул окуядан, трагедиялуу финалдан соң чекит коюп койсо деле болмок. Бирок сүрөткер ката-рында андай алдамчы кыялга ал азгы-рылбайт . Анткени чыгарманын жалпы жүгүн көтөрүп турган «Өлтүрбө-өлтүр» философиясы өзүнүн чегине жеткириле элек эле. Ошондуктан романдагы Мо-лоташ үңкүрүндө Арсен Саманчин ме-нен Жаабарстын сөөгү жанаша жатка-нын баяндаган соң, аны алып кетиш үчүн Элестин өз жакындары менен бирге келиши, анын сөөгүн атка жүктөп айылга алып кетиши жана башкы каармандын өмүрүнүн соңунда жазган «Өлтүр-өлтүрбө» аңгемесин жарыялоо менен чыгарманын сюжеттик окуясы аягына чыгат. Ч.Айтматов бул аңгемени эпилог катарында романдын соңунда берген. Ал чыгарманын бүткүл мазму-нун, автордук ойду, максатты жыйын-тыктоочу бөлүм катарында кабыл алы- нат.

Доорубуздун улуу сүрөткери, окурмандардын калың массасы менен катмарын өзүнүн жаркын чыгармалары менен дайыма суктандырып жана эргитип, философиялык ой толгоолорго айласыздан чакырып келген Ч.Айтматов да бул саам ошол багытынан жазбай, ошол калыбында окуучулар менен бет келишет. Маселен, бир караганда «Сардал кыз» жөнүндөгү эл оозунда демейде айтыла жүрчү уламыш-кеп Арсен Саманчиндин ички дүйнөсүнөн бекем орун алганы менен ал чыгармада анча деле чоң жүк көтөрбөгөн окуя катары кабыл алынат. Мифологиялык-жомоктук, диний сюжеттерди, образ-дарды мурдагы чыгармаларында активдүү колдонуп, аны кандайдыр бир салтка айландырып алган Ч.Айтматов бул жолу андай легендалык окуяга бекеринен кайрылбагандыгын көрөбүз. «Сардал кыз» идеясы, образы чыгарманы дайыма коштоп жүрүүчү көркөмдүк элементке айландырылат. Ал Арсендин образында жана Элестин образында дагы бир ирет чагы-лыштырылат, алардын духу менен рухун аныктап туруучу идеялык күчкө

айландырылат. Бир кездеги, замандын өтүп кеткен кечээки барактарында өчпөс болуп ооздон оозго айың-кеп болуп жашап калган тагдырлар Арсен жана Элестердин тагдыры аркылуу кайрадан кайталанат. Жашоодогу, адам өмү-рүндөгү, тирүүлүктөгү асыл касиеттер эч качан эскирбегенин, ал улам бир кырынан көрүнүп турарлыгын Ч.Айт-матовдун бул каармандары дагы бир ирет эскертишет.

Элес шаардагы бардык иштерин таштап коюп, шашылыш Үзөнгүлөшкө, Молоташ үңкүрүнө келип, Жаабарс менен Арсендин жансыз денелеринин жанаша жатканына күбө болуп, араң алдында түн күзөтүп олтурган эпизодун эске түшүрүп көрөлү. Дал мына ушундай оор шартта, улуу тоолордун арасында өзү аздектеген адамдын сөөгүнүн алдында акыркы сапарга узатуу алдында Элес Сардал кыз менен дагы бир ирет кезигишет. Анын талбаган чакырыгына кулак салып олтуруп өз тагдырын ага түзмө-түз салыштырат. Жазуучу ал кырдаалды мындайча сүрөттөйт: «А когда донеслись до ее слуха из горной дали выклики Вечной невесты: «Где ты, где ты, отзовись охотник мой!», Она отвечала ей шепотом: «Слышу, слышу тебя, Вечная невеста, теперь и я такая же, как ты, и стала я самозваной вдовой, и молю Бога, чтобы суждено было ходить на кладбище с нашим чадом за руку». Ошентип, жазуучу тарабынан «Сардал кыз» уламышындагы образдар менен реалдуу турмуштун, бүгүнкү күндүн каармандарынын ортосунда окшоштук, параллель чыгарылат. Мисалы, легендадагы аңчы менен Арсен, Сардал кыз менен Элестин образдарын ушундай тартипте караганыбыз оң.

Арсендин көзү тирүү кезинде жазылып, ал аңгеме менен аздыр-көптүр оозеки тааныштыгы бар Элес бул чыгарманы жарыкка чыгаруу аракетин көрөт. Жыйынтыгы жаман болбойт, Элес ойлогондой ал аңгеме басма сөз бетине жарыяланып чыгат. Сыртынан кара-ганда чыгармага чыгарма, б.а., романга аңгеме жасалма түрүндө жалгаш-тырылгандай таасир калтырат. Бирок байкай келгенде алар бекем биримдикте. Анткени романдагы камтылган идея, сүрөттөлмөкчү болгон тема, автор катарында Ч.Айтматов коюп олтурган коомдук-саясий моралдык-этикалык проблемалар дал ушул аңгеме аркылуу жыйынтыкталат. Демек, «Өлтүр-өлтүрбө» аңгемесинде согуштун түбөлүктүү табияты, адамдын түбө-лүктүү жаратылышы, тубаса касиети жөнүндө баяндалат. Кандай гана шарттагы согуш болбосун, ал адамдардын колунан жаралат, кандай гана согуш болбосун ал ар биринин трагедиясына айланат. Бул – чыгарманын чыгарган корутундусу.

Филология илимдеринин доктору, профессор, кыргыз адабият таануусунун чыгааны, көрүнүктүү адабиятчы, Ч.Айматовду изилдөө жагынан ала-тоодой көлөмдүү иш кылган, талыкпас илимпоз А.Акматалиевдин төмөн-дөгүдөй пикири абдан адилет жана туура деп ойлойбуз. Кыргызстанга гана эмес, жалпы эле Азия элдерине жакшы таанымал бул окумуштуу романдагы мындай сапаттар жөнүндө минтип жазды эле: «Ошентип, жазуучунун «Сардал кыз» аттуу жаңы романы колубузга тийди. Бул романдан биз өзүбүз күткөн да, күтпөгөн да көп нерсеге кезигип олтурабыз. Ооба, согушка каршылык кылуу идеясы-романдагы борбордук идеялардын бири. Бул идея романдын баш каарманы Арсен Саманчиндин көзү тирүүсүндө жарык көрбөй калган аңгемеси, чыгарманын эпилогу катары берилген «Өлтүр-өлтүрбө!... аңге-месинде өзүнүн эң жогорку бийиктигине, ачыктыгына жетишкен. Бул идея чыгарманын сюжетин түзүп турган баш каарман Арсен Саманчиндин реалдуу турмушу, сюжеттик линиянын логикалык жыйынтыгы менен үн алышып турат. Анан да кызыгы согуш темасына байланыштуу бул өзөктүк идея романдын эпилогуна чейин мамлекеттик саясатка анчалык тиешеси жок турмуштук көрүнүштөргө, кадыресе кыргыз айылдарынын биринде өткөн окуя–сюжетке байланыштуу өнүк-түрүлөт, диний осуят, башкы моралдык принцип «Өлтүр-өлтүрбөгө» түздөн-түз байланыштуу чечмеленет».

Таланттуу илимпоздун бул жыйынтык пикирине кошулбаска чара жок. Анткени анда таамай байкоо, ачык

аныктама, таасын жыйынтык даана байкалат.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Айтматовдук философия – ёлтщрбё! //Адабий Ала-Тоо,2006, № 11.

2. Асаналиев К. Безилдейт неге чабалекейлер….//Адабий Ала-Тоо, 2006, № 10.